# Экономика, коом жана маданият үчилтиги жагынан Ахилик институту

**Prof. Dr. Hüsnü Ezber BODUR***


## Аннотация

В основу этой статьи легло изучение так называемой Братской организаци (Ахилик), возникшей в XIII веке в Сельчукском государстве. В первую очередь следует обратить пристальное внимание на культурные, социально-экономические и политические условия, которые могли служить предпосылкой возникновения данной организации. Это братство оказывало весьма значительное влияние на социально-экономическую и политическую жизнь Османского государства тоже. А ближе к XIX веку оно начинает постепенно терять свою дееспособность, что, в конечном итоге, приводит ее к самоисчезновению. В этой статье обсуждается вопрос о возможности (или невозможности) повторного анализа культурных ценностей организации Ахилик (Братства), но уже в соответствии с требованиями современого общества, и, о том, какой же вклад она может внести в современную этику труда.


**Ключевые слова**: Ахилик, Экономика, Этика труда, Общество, Модеринизм

Бул макала Fritjof Capraнын Hidden Connections (Жашыруун Байланыштар)[1] аттуу эмгегинде көптөгөн шилтемелер жасагандыгы жана негизги характеристикасын татаал система байланыштары түзгөн билим коомун, "система коому" катары терминдештирген Manuel Castellsтин[2] коом, экономика жана маданият үчилтигине таяндырылуу аркылуу Ахилик негизинде иш жана кесиптик ахлактын жаңы экономикалык процессте жаңыдан талкууланууcу жагдайында болмокчу.

Ахилик институту* тарыхый жактан XIII. кылымда Селжукиддер коомундагы социалдык, экономикалык, саясий жана маданий шарттар чегинде пайда болгондон кийин, Осмон дөөлөтүнүн социал-экономикалык жана саясий турмушунда өтө таасирдүү болуп, XIX. кылымда функциясын жоготкон. Бирок Ахиликтин маданий мүчөлөрү же болбосо баалуулуктардын азыркы модерн коомдук чөйрөдө жаңыдан жоромолдонуп эмгек этикасына салым кошуп кошпой тургандыгы аныкталууга тийиш болгон проблема катары көрүлүүсү зарыл.

Модерн экономиканын куруучусу болгон Adam Smithтин 1776-жылы жазган "Улуттардын Байлыгы" аттуу китебинде байлыктын

* Сүтчү Имам Университети Теология факультетинин окутуучусу.
[1] F. Capra, The Hidden Connections, A Science for Sustainable Living, Flamingo, London, 2003
* Осмон Империясындагы өндүрүшчүлөр жана маданиятчылардын ассоциясы.
[2] M. Castells, The Information Age; Economy, Society and Culture, vol. I, The Rise of the Network Society, Blackwell Publishing, California, 2000.

өндүрүлүүсүнүн материалдык шарттарынын үстүндө тургандыгын билебиз. Ага карата Smith, соода тармагынын иштөөсү үчүн керектүү деп эсептеген индивиддик пайда сезими менен камсыздандырылган адамдын, кантип семпатия жана өзүн коомго арноо сыяктуу баалуулуктарды өнүктүргөндүгүн талкуулаган Ахлактык Сезимдер Теориясы[3] китеби менен экономикалык өнүгүүнүн бир жагынын, ахлактык эрежелер менен жакындан байланышта болгонун белгилеген. Бул таанымал экономисттин, эки эмгеги тең бирдикте көз алдыбызга тартылганда анын түрк элине тиешелүү Ахилик түшүнүгүнөн таасирленгени көрүнүп турат.

Ахиликтин пайда болуусунда айылдан шаарга келген, же эч кандай талантты талап кылбаган иштерде эмгектенген, же болбосо ишсиз жаштардын түзгөн тобунун шаар дисциплинасына коркунуч туудуруусу, бул топтун белгилүү максаттар айланасында уюмдашуусу менен коомдук интеграцияга салымда болууларынын маанилүү роль ойногондуктары белгиленүүдө. Adam Smith да кыймыл-аракеттеринин бир топ деңгээлде айланасындагы кичинекей топтор тарабынан контролдонгондугу, айылдардан аноним болгон шаарларга көчкөндөрдүн тажрыйба алышкан аноми жана жатыркоо учурунда макулдашпаса да диний негизге таянган кичинекей организациялардын козу карынга окшоп көбөйүү сыяктуу бүткөндүгү жөнүндө баяндоодо.[4] Бул далилдер аркылуу Халил Иналжык да, жаш жумушчулардын жана колу бош шаар жаштарынын жигиттик (фүтүввет) эрежелеринин айланасында тарбиялангандыктарын жана бул эрежелердин исламий жана мистикалык санкциялар менен бекемделгенин белгилөө менен бул институттун диний характерине басым жасоодо.[5]

Албетте салттык коом тибине жакын болгон, Осмондук коомундагы Ахилик институтунун диний түспөлү, дагы да мистикалык жагы басымдуу болгон башка мусулман коомдорго караганда, мисалы араптардагы бул сыяктуу институттарга карата өтө башкача. Ахилик институтундагы бул диний жагынын жанында түрк коомунда кесиптик уюм абалына келүүсү секулярлашуу багытында бир багытты өз ичинде камтыгандыгын көрсөтүүдө.

Белгилүү тарыхый жана коомдук жагдайлардын үрөнү катары XIII. кылымда пайда болгон жана XIX. кылымда да бара-бара дисфонкциондук абалга келүүсү менен жок болгон Ахи биримдигинин ар түрдүү жактары социалдык илимдердин түрдүү тармактары тарабынан изилденүү менен абдан жакшы майданга коюлган. Бул жагынан аларга кошумча маалымат пайда кылуу сыяктуу бир ниетимин болбогондугун белгилегенден кийин, тарыхый мурас катары караган аталган институтту модерн коомчулукта көргөн граждандык коом уюмдарынын прототиби эсептөө аркылуу

---

[3] J. Z. Müller, "The Future of Capitalism", Dialogue, 85, 3/89, 6-бет.
[4] Müller, "The Future of Capitalism", 6-бет.
[5] H. İnalcık, "Ahilik ,Toplum, Devlet", II. Uluslararası Ahilik Kültürü Sempozyumu Bildirileri, T. C. Kültür Bakanlığı Yayınları, Ankara, 1999, 189-200-беттер.

жаңыдан жандандыруу аракетинин да илимий болбостугун белгилеп кетмекчимин.[6]

**Глобалдашуу процессинде экономика, коом жана маданият.**

Калифорния Университетинин социология илиминин профессору Manuel Castellsтин Информация доору: Экономика, коом жана маданият темасындагы үч томдук эмгеги глобализация процессинин системалуу анализин жасаган маанилүү эмгек катары эсептелүүдө. Бул боюнча экономика, коом жана маданият үчилтигинин глобалдашуу процесси аркылуу байланыш жагдайында азыркы модерн коомдор билим коому түрүндө терминдештирилген. Өткөн кылымдын акыркы чейрегинде басымдуу түрдө жана тарыхта көрүлбөгөн информация жана байланыш технологияларында байкалган төңкөрүш түрүндөгү өзгөрүштөрдүн экономикалык жана социалдык байланыштары, глобалдуу деңгээлге жеткирүү менен глобалдашуу деп айтылган процессти кыймылдатканын билебиз. Бул процессте өзгөчө экономикалык тармакта, бир канча эреже-нормаларынын бардык эле коомдо өтө тургандыгы жөнүндө сөз болууда. Бул өнүгүүлөр XXI.кылымдын баштапкы жылдарында белгилүү болгон нео-либерал доктринага негизделген Кейнестик бейпил мамлекет жана татаал базар экономикасынан бүтүндөй эле айырмалуу жаңы экономикалык жаралууга ышаарат кылат. Информация технологиясы төңкөрүшү билим, кубат жана байлыктын айланасында жаралган жаңы экономиканын пайда болуусуна себеп болгон.[7]

Принциптеринин жабык эшик артында көптөгөн жылдар бою көрүшүлгөн сүйлөшүүлөр натыйжасында белгиленген бул жаңы глобалдык экономикалык моделдин жактоочулары, аталган моделдин өндүрүлгөн байлыктарынын бара-бара бүткүл дүйнөгө таралуу аркылуу жакырчылыктын азая тургандыгын кабар беришкен. Бирок динамикалык, пластикалык жана стабилдештирилген жаңы экономикада капитал финансылык байланыштар аркылуу глобалдашып жатып, социалдык чыгымдардан узакташып жана эмгекти да локалдаштыруу аркылуу бүтүндөй эле күчсүз абалга алып келген. Бүткүл бул өнүгүүлөрдүн натыйжасында жакырчылык артып, социалдык айырмачылык жана четтешүү проблемалары жана социалдык теңсиздик катары мамлекеттердин проблемаларына айланган.[8]

Глобализация процессинин экономикалык жана социалдык жактары менен кошо маданиятка да өтө чоң таасир эте тургандыгы изилдөөлөрдө аныкталган. Билим коому катары эсептелген бул жаңы коом тибинин негизги характерин, өтө татаал көрүнүштөр түзгөн жаңы байланыштар түзүүдө. Баарыбызга маалым акыл-эс образына ээ болуу жана алар менен келечекке карата проекттер түзүү шыгыбыз, максаттарды белгилөөгө жана

[6] Караныз: S. Güllülü, "Ahilikten Günümüze", Diyanet Aylık Dergi, Ağustos 2004, 22-23-беттер.
[7] Караныз: M. Castells, The Rise of the Network Society.
[8] Караныз: J. Mander-E. Goldsmith, The Case Against the Global Economy, Sierra Club Books, San Francisco, 1996.

стратегияларды өнүктүрүүгө жардам кылып жатып, ар түрдүү алтернативалар арасында тандоо жүргүзүүбүздү мүмкүн кылууда. Мындан болсо, баалуулуктар жана социалдык кыймыл-аракет нормаларын түзүүбүзгө мүмкүнчүлүк берүүдө. Байланыш каражаттары аркылуу пайда болгон бүткүл бул социалдык феномендер аталган процессте орун алган индивиддердин таасирлешүүсү аркылуу өндүрүлүүдө. Байланыш каражаттары улам-улам акыл-эс образдарын, түшүнүктөр жана маанилерди пайда кылып жатып, байланышта болгон индивиддердин кыймыл-аракеттерин координациялоодо. Адамдардын аксиондорун чектеген социалдык түзүлүштөр же болбосо кыймыл-аракет эрежелери социалдык байланыштардын мүчөлөрүнүн ортосунда тиешелүүлүк сезими жаратат. Ошондой эле ишенимдер жана баалуулуктар тажрыйбаларыбызды жоромолдоого жана кайсы түрдөгү маалыматтын маанилүү болгондугуна чечим чыгарууга жардам бермекчи.[9]

Жаңы экономиканы түзгөн байланыш каражаттары, экономикалык функциялар жана инвестиция мүмкүнчүлүктөрү тууросында маалымат агымын түзүү менен эле калбастан, ошол эле учурда глобалдуу кабар байланыштары аркылуу искусство, билим, оюн-зоок жана башка маданий иш-чараларды да камтууда. Шексиз бул маданий иш чаралар өтө терең түрдө информация технологиялары төңкөрүшү тарабынан өзгөрүүгө учуратылууда. Бул процессте маданий майдалануу натыйжасы козмополиттешүүгө учурай тургандыгынан, коом саламатчылыгынын абдан коркунучка дуушар боло тургандыгы айтылууда. Функционалист перспективасынан коомдун жашоосун улантуусунда социалдык бүтүндөшүүнүн коомдук керектик болгондугу эске алынса, анда глобализациянын натыйжасы катары пайда болуусу болжолдуу бөлүнүүчүлүктүн үгүттөлүүсү карама-каршысында улут-мамлекет модели уу болуу функциясын аткармакчы.

Бул процесстин иш жана организациялар үстүндөгү таасири да абдан талаш-тартыш чордонунда. Өнөр жайлардын экономикалык жетишкендиктерди көптөгөн жылдар бою улантуусунда эки негизги өзгөчөлүктүн таасирдүү болгону айтылууда. Алардын биринчисин күчтүү коом сезими түзүү менен орток баалуулуктар айланасында коллективдүү акыл-эстин топтому пайда кылууда. Экинчи топтогу характеристиканы болсо, сыртка ачыктык жаңы шарттарга ылайыкташуу, үйрөнүүнү үзгүлтүксүз кылуу жана иштегендерге карата толеранттуу болуу сыяктуу өзгөчөлүктөр түзүүдө. Мындай түшүнүк айланасында мурункулар, бүтүндөй экономикалык критериялардын белгилөөсүнөн да артык эмгектенгендердин өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүү жолундагы аракеттердин үстүндө болгондой. Бүгүнкү күнү заманбап өнөр жайлардын жогору даражадагы бийлик ээлери кадрларынын ортосунда чоң байлыктын топтолуусуна карабай, өздөрүнүн глобалдуу экономикалык күчтөрү тарабынан белгисиздикке ташталгандыктары жана алдыларын көрө

[9] Capra, The Hidden Connections, 74-76-беттер.

албагандыктары келечектин ишенимсиздиги алдында тынчсызданган-дыктары туурасында жалпы болжол бар. Жашообуздун бардык эле тармактары ар дайымкыдан да татаал системалар тарабынан курчалган сыяктуу. Кыскасы өнөр жайлардын же ушундай эле организациялардын кубаттуу көрүнүүлөрүнө карабай, негиздүү өзгөрүү муктаждыктарын башкы деңгээлге чыгарууларынын алдында белгисиздик, дисциплинасыздык жана татаалдык сыяктуу контролдон сырткаркы өзгөрүүлөр турат. Андай болсо экономикалык институттун эмгекчилеринин ортосунда бир жактан организацияга тиешелүү болуу жана ийгиликтери менен биргелешүү жолундагы сезимдин пайда болуусу, ал эми башка жактан болсо өнөр жайдын формалдуу түзүлүшүндө ар түрдүү биримдиктер жана достуктар жолу менен формалдуу эмес байланыш каражаттарынын түзүлүүсү жолу менен бир динамиканын пайда болуусу бүгүнкү күндүн проблемалуу иш чөйрөлөрүндө, иш организацияларынын жашоолорун улантуулары үчүн милдеттүү болууда.[10]

Андай болсо XX. кылымдын акыркы чейрегинде модерн дүйнөнүн тажрыйба алган жана тарыхта такыр кездешпеген глобалдашуу процессинин жаңы дүйнө эрежеси жаратуу аракетинин көп деле ийгиликке жетишпегендигин эске алсак, бул процесстин туура эмес натыйжаларынын уусу катары улуттук, маданий баалуулуктардын коомдук интеграцияда таасирдүү болуусу ойлонулар эле. Ошондуктан түрк маданий мурасынын ичинде маанилүү орунга ээ болгон Ахилик институтунда фундаменттешкен кайсы бир баалуулуктардын заманбап иш этикасынын түзүлүшүндө кошумча катары бааланып бааланылбоосу темасынын үстүндө изилдөө керектүү деп эсептейм.

**Ислам, эмгек этикасы жана Ахилик**

Ислам дини башка бардык диндер сыяктуу белгилүү социалдык жана маданий коомдо пайда болгон. Ошондой эле ошол социалдык-маданий чөйрө менен тыгыз байланышта өнүккөн. Ислам дини бийлик кошо бардык адамдык байланыштардын дин тарабынан жөнгө салынган ыйык коомдук түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүн өз ичинде камтыган Мекке шаарында пайда болгон.

Мындай коомдо негизинен “убакыт” жана “чөйрө” шарттарынын талаптарына ылайык экономикалык байланыштар да диний деңгээлде жөнгө салынган. Ислам дини келбестен мурда, Меккеликтердин өз ичине камтылуу, өз-өзүнө ылайык отархиялык экономика системасын улантпагандыктары жана доорунун кээ бир соода борборлору менен соодалык байланышта болгондуктары белгилүү. Ошентип жөнөкөй шаар жашоосунун чектерин сызган реалдуу материалдык шарттар менен өз доорунун табигый укук түшүнүгүнүн таасири астында өнүккөн жөнөкөй либералдуу экономикалык түзүлүш, диний негиздерге таяндырылып

[10] Capra, The Hidden Connections, 118-121, 124-127, 133-137-беттер.

бекемдөө максаты коюлган.[11] Башка тараптан Мединеге көчүүдөн кийин соода турмушунда таасирдүү болгон жөөттөргө карата мусулмандар соодага тартылган соода-экономикалык ереже-нормалары диний ереже жана санкциялар менен мээге сиңдирилүүгө аракеттелген. Бирок мындай түшүнүктү диндин бир бөлүгү катары көрүп, пайда болгон кирешени жаңыдан өндүрүшкө жумшоону жолго кое албоо жана бизнесмендикти эч кандай ашалбоо Исламдын өзү менен туура келбөөдө.

Буга Курани Карим ыйык китеп катары ар нерседен мурда кайрылып жаткан коомдун түшүнө турган деңгээлинде түшкөн. Ошентип Куран илимий изилдөөнү үгүттөдө жана жалпы ахлактык принциптердин биринчи планга чыгуусуна жана алардын үстүндө коомдун мүчөлөрүнүн бир пикирге келүүлөрү багытын жактырган. Шексиз мындай түшүнүктүн экономикалык жана саясий жашоонун иреттелүүсүн экономика жана саясат илиминин берген маалыматтары аркылуу ишке ашыруусу апачык. Бул жагынан жашап турган дүйнөнү социалдык өзгөрүү процессин жок эсептеп, белгилүү тарыхый жана коомдук шарттардын өзгөчө чечүү түрлөрүн ыйыкташтырып бүгүнкү күнгө ылайыкташтыруунун Исламдын өзү менен ылайык келбестигин айтуу туура болот.

Мисалга XIX. кылымдын орто чендеринен баштап фундаменталдык багыттардын абдан белгилүү болгон төмөнкү Инд бөлүгүндөгү мусулман жашоочулары арасында, өзгөчө 1940-жылдарда саясий исламист Мевдудийнин жазмаларында ачык-айкын көрүлө баштаган ислам экономикасы пикири,[12] ыйык коом тибиндеги дин-экономика биримдүүлүгүн жаңыдан тирилтүү максатына байланыштуу болчу. Андай болсо Мевдудийнин курууну пландаган идеолгиялык мамлекетинин экономикалык негизин түзүүнү пландаган бул жаңы түшүнүк бир жагынан батыштык экономикалык доктриналардан тандоо жолу аркылуу бир жагынан болсо, аларга анти коргонуучу аракет менен өзүндө илимий деңгээлди да обьективдүүлүктү да камтый алган эмес. Бүтүндөй процент талаш-тартыштары айланасында өзүнө жол табууга аракеттенген бул доктрина айланасында диний-политикалык жана идеологиялык өзгөрүүлөр натыйжасы 1970-жылдарда эң башта Пакистан жана Сауд Аравиясы туруу менен кээ бир арап мамлекеттери процентсиз банк тууралында көптөгөн китептер жазылган. Ошол эле жылдары ислам экономикасынын айланасында жазылган китептердин түрк тилине которулуусу менен кыштактык салт-санааларга бекем үй-бүлөлөрдө чоңойгон, ачык түрүндө болбосо да жашыруун түрдө аркетте болгон ар түрдүү исламий аракеттердин же ичинде бар болгон же болбосо семпатия менен мамиле кылган кээ бир шаардык жаштар арасында таасирдүү болгондугу байкалган.

Мындай адатта чоңойгон азыркы күндө бийлик орундуктары арасында орун алгандар ар түрдүү себептер аркылуу ошол күндөрдө

[11] Караңыз: S. F. Ülgener, Darlık Buhranları ve İslam İktisat Siyaseti, Mayaş yay. , Ankara 1984, 119-148-беттер.
[12] Караңыз: T. Kuran, The Genesis of Islamic Economics: A Chapter in the Politics of Muslim İdentity,Social Research; New York; Summer 1997; Vol: 64, 302-338-беттер.

процентсиз экономиканын иштеп кетүүсүнө катары менен ишендирилгендиктерин бирок бүгүн тушугушкан реалдуу экономикалык абалда мунун ишке ашуусунун мүмкүн болбой тургандыгын байкагандыктарын кабыл алышууда. Албетте мындай моделди ишке ашырууну көздөгөн кээ бир мусулман мамлекеттеринин экономикалык тараптан абдан артта болуулары модерн экономика илиминин маалыматтарын эң жакшы түрдө ишке ашырууга баштабастан башка чаранын болбогондугун да көрсөткөн. Түркия жумуриятынын негиздөөчүсү Мустафа Кемал Ататүрк башчылыгындагы улутчул кадрлардын светтик, модерн коом түзүү жолундагы аракеттеринин кайсы деңгээлде чынчыл болгондугу жана илимий маалыматтарга таянган модел түзүүнүн зарылдыгы, дагы бир жолу ортого коюлуп олтурат.

Бардык социалдык байланыштарда таасиринин байкалган экономикалык институтунун коомдук системасынын түзүүчүлөрүнөн бири болгон дин процесси менен таасирлешүү байланышы ичинде болуусу, дин социологиясынын негизги изилдөө тармактарынан бири болуп саналат. Бул жагынан Max Weberдин бир кылым мурда карап чыгып, дин-экономика байланыштары тармагында классикалашкан “Протестант адеп-ахлагы жана капитализмдин руху” аттуу эмгеги капитализмдин пайда болуусунда диндин ролун аныктаган аргументке таянууда. Шексиз Weber бул болжолдуу байланышты динден экономикага карай бир багыттуу таасир берүү түрүндө карабай жатат. Жадагалса акыркы жылдарда жасалган бир топ изилдөө натыйжаларынан экономикалык пайдалардын адамдардын ишенимдери жана баалуулуктарынын үстүндө күчтүү таасирге ээ экендиги көрүнүп турат. Ошентип дин жана экономика ортосунда бири-бирине карата таасирлешүүдөн сөз болсо, мунун диний түшүнүк жана ишенимдерди биргелештирген баалуулуктардын аркылуу жана аркылуу болбогон экономикалык кыймыл-аракеттердин үстүндө таасирге ээ боло тургандыгы түрүндө көрүлүүсү андан да туура болот.

Дин-экономика байланышы жаатында түрк коому тарыхынан алган маалыматтар менен көйгөйлүү экономикалык проблемаларды анализдеген таанымал түрк экономисти жана дин социологу Сабри Үлгенер экономикалык аракетти адамдардын материалдык муктаждыктарын кандыруу жолунда материа, чөйрө жана мезгил менен киришкен көп тармактуу байланыштын жыйындысы катары белгилөөдө. Үлгенер диндин маанилүү түзүүчүлөрүнөн болуу менен бирге акыл-эстин адамдардын дүйнө менен болгон алакаларында аралык аң-сезимин пайда кылгандыгын белгилөөдө.[13] Ошентип бардык байланыштарда дурустук, ишеним, убадада туруу, көңүл коюу, иш биримдиги, жардамдашуу, урмат жана туура мамиле сыяктуу бир канча баалуу сапаттардан турган иш этикасынын аркылуу да болсо, экономикалык перформанс үстүндө таасирдүү болгондугу айтылууда. Бул жагынан изилдөөчүлөр экономикалык ийгилик жана үзүрдүүлүккө таасирдүү болгондугуна ишенишкен эмгек этикасы жана

[13] S. F. Ülgener, Zihniyet ve Din, Der yay., İstanbul 1981, 29-31-беттер.

функциялардын социалдык жоопкерчилиги сыяктуу индивиддик жана коомдук баалуулуктар жөнүндө баш катыра башташкан.[14]

Эмгек этикасы индивиддин көп убакыт аракетин жумшоосунан да артык билим жана билим берүүгө таянган рационалдуу эмгек, технология жана жаңылыктарга ачык болуу, талыкпай эмгектенүү, стабилдүү болуу, проблемаларды чечүүдө акыл-эс менен аракеттенүү рискти көзгө алуу сыяктуу байланыштардан турат. Негизинен мындай баалуулуктар менен камсыздалган адамдар, доорубуздагы ишмер топтун өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдө. Ишмердүүлүк маданияты да эмгектенүү адеби, акча табуу сезими, жаңылыктарга ачыктык, инсиатива, өзүнө ишеним, жаратуучулук жана атаандашуу сыяктуу баалуулуктар, символдор жана тажрыйбалардан турат. Капитализмдин пайда болуп өнүгүүсүндө белгилүү коомдук жана тарыхый шарттар чегинде диний ишеним менен индивиддик пайдалардын мотивизация кылган талыкпай эмгектенүү жана жөнөкөй жашоону баалуулук катары караган ишмер топтун өтө таасирдүү болгондугу маалым. Андыктан бүтүндөй жүрүм-турумдарында дурустукту, урмат-сыйды, жоопкерчиликти жана адилеттүүлүктү кучагына алган эмгек адебинин баалуулуктары менен өзгөчөлөнгөн, билимдүү, жаңылыктардан кабардар, жаңы технологияларды колдоно алган ишкерлер экономикалык өнүгүүнүн негизги себепкерлери болуп саналат.[15]

Түрк улутунун маданий тамырынан намыскөйлүк, эркиндик, кайраттуулук, илимпоздор менен улууларга урмат, достукка чындык, эмгекчилдик, адилеттүүлүк, мыймандостук, ынтымактуулук, түрдүү аша чабуулардан алыс болуу, кыйынчылыктарды сабырдуулук менен жеңүү сыяктуу баалуулуктар орун алган.

Ошондуктан Түрк атуулу ишкердүүлүк, талыкпай эмгектенүү, убакытты туура пайдалануу, ак эмгеги менен турмушун жөнгө салуу сыяктуу заманбап жүрүм-турумдарды тез эле өздөштүрүүгө жөндөмдүү.[16] Ал тургай орто бай ишкерлердин саны күн сайын өсүп жатканы, бул жагдайды даана көрсөтүп турат. Маданий мурасыбыздагы аталган баалуулуктарга коомдун басым жасоосу, өнөрпоздук доордон экономикалык өнүгүүнү колдогон ишкердүүлүккө өтүү жараянын оңойлотуп тездетмекчи.

Түрк маданият тарыхында орчундуу орду менен белгилүү болгон өнөрпоздор биримдиги экономикалык булактардагы көптөгөн талаш-тартыштарга себеп болгон эмгек этикасына чоң салым кошо алат. Анткени өнөрпоздор биримдигинде кызмат ордун, түрлөрүн жана улуу балуулуктарды ыйык тутуу жөрөлгөлөрү, кандай шартта болбосун талыкпай эмгектенүү сезимин ойготуп, өз кесибин сүйүүгө үгүтөө менен мамлекеттин экономикасынын өнүгүүсүнө шарт түзөт.[17]

---

[14] Караныз: S. Arıkan, "İşletmelerde Sosyal Sorumluluk ve İş Ahlakı", H.Ü. İ.İ.B.F. Dergisi, Cilt 13, Ankara 1995.

[15] H.E. Bodur, "Din-Ekonomi İlişkisi Çerçevesinde İslam'da Çalışma Ahlakı ve Hz. Muhammed", Kutlu Doğum Sempozyumu (Tebliğler), K.S.Ü. yay., Kahramanmaraş 08 mayıs 2003, 11-бет.

[16] Türk toplumsal değerleri için Караныз: Türk Toplumunun Değerleri, Türk Sanayici ve İşadamı Derneği, İstanbul 1991.

[17] Esnaf ahlakı ile ilgili değerlendirme için Караныз: İ. Oktaylı, "Meslek Mızmızları", Milliyet Pazar, 13 Ekim 2002.

Азыркы күндө заманбап ишканаларда кызмат адеби, кесибинин адиси болууга аракеттенүү, ак ниеттүүлүк, биримдүүлүк сезимдери жана мамлекетинин пайдасы үчүн эмгектенүү экономикалык принцип катары гана бааланбастан, коомдук баалуулук катары да басым жасалып жатканы маалым. Ошондуктан өнөрпоздор биримдигине таандык биримдүүлүк, ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, кызматташтык, жоопкерчилик, кесибин сүйүү сыяктуу коомдук жана индивиддик принциптерге жаңыдан баа берилип, түрдүү заманбап мезанизмдердин жардамы аркылуу ар бир атуулдун жан дүйнөсүнө салуу, экономикалык өнүгүүгө жана ишкерлерге чоң таасирин тийгизмекчи.

Кызматташтык, жардамдашуу, толлеранттулук, урмат-сый, чечкиндүүлүк, айкөлдүк сыяктуу баалуулуктарга, өнөр жайлуу коомдордогу индивидке чексиз басым жасоонун натыйжасында пайда болгон эгоизмдин проблемаларынын алдын алуу жолдору катары баа берилүүдө. Учурдагы заманбап мекеме-ишканалар тарабынан көңүл бурула баштаган кызмат адеби, биримдүүлүк, кызматташтык, кесибин сүйүү сыяктуу баалуулуктар, Ахилик биримдигине таандык ак эмгек, адептүүлүк, илимпоздук, акыл-эстүүлүк жана өлкөсүн сүйүү сыяктуу принциптер[18] менен шайкеш келет. Бул баалуулуктар биринчиден мекеме-ишканалардын, андан соң өлкөнүн өнүгүүсүнө шарт түзөөрү шексиз.

Түркия жумуриятын негиздеген улуу жол башчы Ататүрк, Түрк маданиятындагы бул баалуулуктарга өзгөчө көңүл бөлүү менен бирге, мыйзамдуу өндүрүштү улуттук киреше жана Түрк коомуна салым менен ширелиштирген. Коомдук катмарлар ортосундагы келишпестикти кызатташтык жана биримдик менен алмаштырып, бул баалуулуктарга ар бир атуулдун көңүл буруусу, өлкөнүн экономикалык келечегинде манилүү рол ойноорун иш жүзүндө көрсөтө алган.[19] Бир нече Түрк ишкерлеринин сөздөрүндө же биографияларында белгиленгендей, кызматын акча табууга арнабастан, өлкөгө салым кошууну негиз алышкандыктары, бул сезимдин азыркы күндө да жашап жатканын далилдеп турат. Түрк ишкерлеринин кез-кез инвестицияларын кирешеси аз коомдук иштерге сарптоосу, экономикалык иш аракеттери акча табууну багыт албаганын жана улуу балуулуктарды кастарлоо өндүрүшкө салым кошоорун көрсөтүп турат.[20]

Азыркы күндөгү глобалдуу экономика, капиталдын бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу максатында телекоммуникация технологияларын колдонуп, өтө тездик менен тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Албетте бул жараянда финансы адистери, спекуляторлор жана ишкерлер эбегейсиз байлыкка жетишкен. Бирок муну менен катар социалдык, экономикалык жана маданий жактан терс натыйжаларды да ала келген.

---

[18] Ahilik ahlakı ile ilgili Караңыз: Ş. Turan, Türk Kültür Tarihi, Bilgi yayınevi, Ankara 2000, s. 350-353; Güllülü, "Ahilikten Günümüze", 23-бет.

[19] Караңыз: A. Buğra, "Class, Culture and State: An Analysis of Interest Representation by two Turkish Business Associations", International Journal of Middle East Studies 30/4 (1998), 521-539-беттер.

[20] Bu konuda geniş bilgi Merva Ulusoy'un CNN Türk'te yayınlanan "İş'te Gündem" programında iş adamlarıyla yaptığı söyleşilerle Milliyet Gazetesinin haftalık "Business" ekinde yayınlanan röportajlara bakılabilir.

Жаңы экономиканын азыркы абалы коомдогу теңсиздиктин жана жакырчылыктын көбөйүшүнө шарт түзүшү жана социо-экономикалык чөйрөгө терс таасир тийгизип жатканы, илимдеги кээ бир талаш-тартыштарга алып келүүдө. Кээ бир илимий анализдерде глобалдуу экономика, экономикалык стабилсиздикти пайда кылуу менен бирге социалдык жана экологиялык жактан учур талабына ылайыктуу иш жүргүзө албаганын белгиленип жатат.

Инсандык баалуулуктарга тиешелүү түрдө маани берилбеши же көңүл бурулбашы сыятуу маселелер, дүйнө жүзүндөгү көптөгөн адамдар тарабынан экономикалык, социалдык, саясий жана маданий жактан эң көп сындалып келет. Глобалдуу экономикада маанилүү орду менен белгилүү болгон атактуу ишкер Джорж Сорос да глобалдуу экономикадагы нео-либерал доктринасына экономикалык фундеманталлизм катары баа берип, мунун кооптуу натыйжаларды пайда кылаарын белгилейт.[21] Андыктан глобалдуу экономика пайда кылган социалдык, экономикалык, маданий жана экологиялык бири-бири менен байланышкан кооптуу натыйжалар, глобалдуу экономиканын улануусуна күмөндүү көз карашты пайда кылууда.

Коомдогу тынчтыкты жана коопсуздукту сактоодо экономикалык жүрүм-турумдардын маанилүү орду бар. Максатка ылайыктуу экономиканы калыптандырууда соодагерлердин, өнөрпоздордун, усталардын жана дыйкандардын өзгөчө орду бар экени талашсыз. Андыктан бул жагдайдагы кемчилдиктер коомдук турмушка терс таасирин тийгизе турганын кайталоонун кажети жок деген ойдомун.

Баалуу мурас калган салттарыбызда орун алган Түрк атуулунун кайраттуулугу жана туруктуу мүнөзү, канаат кылганы, бирөөнүн мал-мүлкүнө көз артпаганы, аша чаппагандыгы, толлеранттуулугу, илимпоздор менен улууларга урмат көрсөткөнү, достукка чындыгы, ар намыстуулугу, бирөөнүн инсандык касиеттерин баалай билүүсү, кыйынчылыкта сабырдуулугу жана кайраттуулугу, бирөөгө душмандык кылбашы, кызганычка алдырбоосу, аманатка кыянаттык кылбашы сыяктуу индивиддик жана коомдук өзгөчөлүктөгү баалуулуктар, учурда адамзат ааламы баа берген баалуулуктардын жыйындысы болуп саналат.

Жогоруда Ахилик биримдигинде оңой оокат табуу сындалып, тескерисинче кесибин сүйүү, кызмат адебин так аткаруу жана жоопкерчиликке маани берилгенин айтып өттүк. Азыркы күндө да бул баалуулуктар адистер тарабынан экономикалык турмушта таасирдүү күч экени белгиленген. Ошондой эле кандайдыр бир кесипти үйрөнүү үчүн талыкпай окуу, оңой жол менен байлык табуунун ордуна азга канаат кылып, байлыкка узак мөөнөттө жетүү түшүнүгүн жайылтуу, кесибин сүйүү, кайсы кесип болбосун талыкпай эмгектенүүнү ыйык тутуу, кайраттуулук жана жоопкерчиликке ыйык негиз катары көңүл бурулуп жатканына күбө болуп олтурабыз.

---

[21] Carpa, The Hidden Connections, 137-бет.

Түрк маданиятындагы бул баалуулуктардын өнөрпоздорубуз менен кол, өнөрчүлөрүбүздүн жан дүйнөсүнөн орун алышына жумшалган заманбап иш аракеттер, экономикалык жактан өнүгүүбүзгө шарт түзөөрүн айта кетүү абзел. Бирок экономикалык иш аракеттерде кызмат адебине гана басым жасап, эмгектенүүгө түрткү болгон башка сезимдеге көңүл бурбоо чоң жаңылыштык. Кызмат адебинин башка коомдук жараяндардан таасирленип тураарын да унутпоо керек. Андыктан экономикалык жактан артта калуунун негизинде тарыхый жана коомдук тажрыйбалардын таасири чоң экени талашсыз.

Ошондой эле 80-жылдарда бир нече облустарыбызда өркүндөй баштаган экономикалык ийгиликтерибиздин негизин алгач ишти чечкиндүүлүк, ишеним, бирөөнүн укугуна урмат-сый сыяктуу маданий мурасыбыздагы негизги баалуулуктар, убакытты туура пайдалануу, акыл-эстүүлүк жана түрдүү жаңылыктардан кабардар болуу сыяктуу заманбап өнүгүү күчтөрү менен ширелишкен кичи ишканалардан баштап, коомдо көрүнүктүү орто катмарга таандык ишкерлердин санын өстүрүү максаты түзгөнүн айта алабыз. Жогоруда айтылгандардан улам өнөрпоз, кол өнөрчү же кичи ишканаларсыз экономика өнүкпөйт деген тыянак чыгарылбашы керек.

Кичи ишканалар же ательелер стабилдүү түзүлүшкө ээ болгону менен ыңгайлуу шарттардын түзүлбөшү, айлык акылардын жана билим деңгээлинин төмөндүгү, технологиялык жетишпестик, кызматчы-кызмат орду менен камсыз кылуучу ортусундагы традициялуу авторитардык мамилелер аталган ишканалардын орто же ири ишканаларга айлануусуна тоскоолдук кылууда. Ошону менен бирге жеке ишканасы менен алек болууну каалаган кичи ишкерлердеги модернизмден мурдагы түшүнүктөрү,[22] өнөрпоздуктан тапкан кирешелерин заманбап инвестиция механизмдери же капиталды бириктирүү жолдору менен учур талабына ылайык ишканаларды куруу же иш чөйрөсүн кеңейтүү сыяктуу түшүнүктөрдүн пайда болушуна бөгөт болуп жатат.

Глобалдуу экономикада акча табуу негизги баалуулук катары каралгандыктан, керектөөгө басым жасалып жатат. Байлык топтоо жана каржылоого бакыт жолу катары көңүл бөлүнгөнү адистер тарабынан белгиленип келет. Айрыкча модерн коомдордогу өз куржунуна көмөч тартуу сыяктуу мамилелер экономикалык өнүгүүдө болсун, адамзат турмушунда болсун орчундуу маселелерди пайда кылганы айдан ачык. Бул жагдайда адамдардын бири-бирине болгон ишенимдеринин азайганы жана адамзат ортосундагы мамилелерге терс таасирин тийгизээри айтылат. Андыктан жалпысынан үй бүлөө жана бир туугандык катары бааланган өнөрпоздор биримдигинде кездешкен кызматташуу, бөлүшүү, жардамдашуу сыякту коомдук өзгөчөлүктөгү пре-модерн мамилелерге кайрадан көңүл бөлүнүп, учурдун талабына ылайыкташтыруу, азыркы күндөгү экономикалык жана социалдык проблемалардын алдын алууга аз да болсо салым кошоорун унутпоокерек.

[22] M. Belge, "Küçük Üreticiler Cenneti", Radikal Gazetesi, 12-10-2004.